Айдыңы арткан "Алтынкен"

# Кемин районунун жетекчилеринин «Алтынкен» компаниясына болгон иш сапары



**Үстүбүздөгү жылдын 22-августунда "Алтынкен" компаниясынын башкармалыгынын төрагасы Се Мейюэнин чакыруусу боюнча, Кемин районунун мамлекеттик администрациясынын башчысы – аким Кутпидин Шакировдун жетекчилиги алдында муниципалдык жана мамлекеттик жетекчилер, айыл өкмөт башчылары кен өндүрүшүндө болушту.**





**Жыпара ЖЭЭНАЛИЕВА, "Кыргыз Туусу"**

Коопсуздук боюнча түшүндүрүү иштери аяктаган соң, чакырылган конокторго «Алтынкен» компаниясынын видеоролиги көрсөтүлдү. Андан кийин делегацияларга заводдун ишмердиги жана бардык өндүрүштүн жүрүшү тууралуу борбордук башкармалыкта тааныштырылды.

Делегацияга кайра иштетүүчү цехтер менен таанышкандан кийин байкоочу аянтчадагы калдыктарды сактоочу жайга барышты. Таанышытыруу учурунда башкармалыктын төрагасы Се Мейюэ өзү өндүрүш калдыктарын сактоонун этаптары боюнча берилген суроолорго жооп берди.

Акырында, «Достук» стеласынын жанында коллективдүү сүрөткө түшүү иш-чарасы уюштурулду. Андан соң аким баштаган делегациянын бир бөлүгү жыйындын расмий бөлүгүн өткөрүү үчүн кеңсеге жөнөп кетишти. Меймандардын дагы бир бөлүгү спорт комплексинде жана ишкананын жыйындар залында болушту.

Сүйлөшүүлөр өз ара түшүнүшүүнүн достук кырдаалында өттү.

Райондун акими компаниянын жетекчилигине уюштуруучулук жана жылуу кабыл алгандыгы үчүн ыраазычылык билдирди

Аким белгилегендей, «Алтынкен» ишканасы Кемин районунун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө чоң салым кошуп жаткан негизги ишкана.

Ал Кемин райондук мамлекеттик администрациясы мындан ары да компанияга колдоо көрсөтүп, эки тарапка тең пайдалуу кызматташтыкты бекемдейт деп ишендирди.

Сэ Мэйюэ акимге биринчи жолугушууга чакыргандыгы үчүн ыраазычылык билдирди.

Ал ошондой эле конокторду Компания да жергиликтүү калктын бакубаттуулугун жогорулатуу үчүн аймакты өнүктүрүүгө өз салымын кошууга аракет кылат деп ишендирди. Компаниянын өнүгүшү жергиликтүү бийликтин жана карапайым калктын колдоосу менен тыгыз байланышта экендигин баса белгиледи.

# «Алтынкен» компаниясы кыйын учурда жардамга келет

**Орловка шаарында жайгашкан "Нурмээайса" балдар үйү "Алтынкен" компаниясынын ашканасына нан жеткирүү маселесин чечүү үчүн финансылык жардам сураган эле.**






Жалпыга белгилүү болгондой, ишканага нанды балдар үйүнүн наабайканасы жеткирет. Компания бул социалдык долбоорду 2014-жылдан бери колдоп келет.

Акыркы убакта унаа бузулуп, нан жеткирүү кыйындап калгандыктан ишкананын жетекчилигинин атынан нан жеткирүүгө кеткен чыгымдарды жабуу үчүн 140 миң сом өлчөмүндө финансылык жардам көрсөтүүнү чечкен.

Компания тарабынан берилген акчалай каражатты балдар үйүнүн жетекчилиги максаттуу пайдаланып, жакында мурдагыдай эле өз унаасы менен нан жеткирип турат деп ишенебиз.

Материалдык жардамды которуу учуру «Нурмээайса» балдар үйүнүн 20 жылдыгына туш келди. Компаниянын жетекчилигинин атынан ушул жылдын 25-августунда балдар үйүнүн жалпы жамаатын жана тарбиялануучуларын «Алтынкен» компаниясынын коомчулук менен байланыш боюнча адистери куттукташты.

